***<u>Баткен облустук  мамлекеттик статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун*
# *социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-апрель*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

## *Баткен-2019*

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы***

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Закиров Ж.Д.

Мүчөлөр:

-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Эргешов М.Ы.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгы.

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2019-жылдын январь-март айындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланган учурда маалыматтык тарамдарда, кагаз түрүндө, магнитик жана башка алып жүрүүчүлөргө таратканда, пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү (Мамлекеттик статистика жөнүндө Мыйзамдын 17-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2019-жылдын 14-майы.

***Шарттуу белгилер:***

-кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

## *М А З М У Н У*


| | | |
|---|---|---|
| ***I*** | ***Облустун социалдык -экономикалык абалы…………………………*** | ***4*** |
| ***II*** | ***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………*** | ***5*** |
| ***III*** | ***Сектордук обзор………………………………………………………*** | ***6*** |
| | ***Реалдуу сектор……………………………………………………*** | ***6*** |
| | Өнөр жайы……………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым…………………………………………………... | 7 |
| | Транспорт жана байланыш………………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу……………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу……………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| ***IV*** | ***Мамлекеттик сектор…………….……………………………………*** | ***12*** |
| | Финансы……………………………………………………………… | 12 |
| ***V*** | ***Тышкы сектор…………….……………………………….............*** | ***13*** |
| | Экспорт………………………………………………………………. | 13 |
| | Импорт………………………………………………………………. | 13 |
| ***VI*** | ***Социалдык сектор……………………………………………………..*** | ***13*** |
| | Турак жай курулушу………………………………………………… | 13 |
| | Демографиялык жагдай……………………………………………. | 14 |
| | Калктын ооруулары………………………………………………… | 14 |
| | ***Тиркеме……………………………………………………………….*** | ***16*** |

## *I. ОБЛУСТУН 2019- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ –АПРЕЛЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ*

Облустубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2019-жылдын январь-апрель айында 938842,5 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 129,9 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2019-жылдын январь-апрель айларында 2137,6 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 101,8 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-апрель айында 309598,0 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу баада 61,6 пайызды түздү.

2019-жылдын январь-апрель айында турак жай курулушунда жалпы аянты 19041,0 чарчы метр болгон 164 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-апрель айынын денгээлине салыштырмалуу 114,3 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 190527,5 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-апрель айларында 436,2 миң тонна жүк ташылып, 2019-жылдын январь-апрель айларына салыштырмалуу 100,7 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 75426,9 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 101,2 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2019-жылдын январь-апрель айында 4593038,6 миң сомду түзүп, 2018-жылдын январь-апрель айынын денгээлинен 3,7 пайызга жогорулаган.

2019-жылдын январь-апрель айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 3852518,9 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2018-жылдын январь-апрель айына салыштырмалуу 4,5 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-апрель айында 740519,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда салыштырма баада 0,5 пайызга төмөндөгөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-апрель айын өткөн жылдын январь-апрель айына салыштырганда 99,5 пайызды, ал эми 2019-жылдын апрель айын март айына салыштырганда 100,0 пайызды түздү.

Облус боюнча 2019-жылдын январь-март айында бир айлык орточо эмгек акы 10720,1 сом өлчөмүндө калыптанып, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 0,3 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2019-жылдын январь-апрель айында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу вирустуу гепатит, бактериялуу дизентариянын, гонорея, котур, кургак учук ооруларынын, өткүр респиративдүү оорулардын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

## *II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР*

| | 2019 ж. январь-апрель айларында | 2019ж апрель айы 2018ж апрель айына карата пайыз менен | 2019-жылдын январь-апрель айлары 2018-жылдын январь-апрель айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| ***Экономикалык индикаторлор*** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 938842,5 | 130,0 | 129,9 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 2137,6 | 101,0 | 101,8 |
| Негизги капиталга инвестициялар, мин сом | 309598,0 | 84,9 | 61,6 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 19041,0 | 132,4 | 114,3 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 436,2 | 100,5 | 100,7 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 75426,9 | 100,9 | 101,2 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү- бардыгы, миң сом | 4593038,6 | 101,2 | 103,7 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 3852618,9 | 103,8 | 104,5 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 740519,7 | 111,5 | 99,5 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 10720,1[1)] | 97,2[2)] | 100,3[3)] |

***[1)] 2019ж. январь-март***
***[2)] 2019ж. март***
***[3)] 2019ж. январь-март***

## *III. СЕКТОРДУК ОБЗОР*

### *Реалдуу сектор*

***Өнөр жайы.*** Облус боюнча 2019-жылдын январь-апрель айында 938842,5 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 129,9 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 308506,3 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 32,8 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 323562,7 миң сомду же 34,5 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 272406,5 миң сомду же 29,0 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 34367,0 миң сомду же 3,7 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-апрель айында 323562,7 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 181,4 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-апрель айында 135217,4 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-апрель айына салыштырмалуу 190,5 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу Сүлүктү шаары 9446,0 тоннага, Кадамжай району 55661,3 тоннага көмүр көп, ал эми Баткен району 855,0 тоннага аз казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 308506,3 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 134,8 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 147472,5 миң сомду (көлөмдүн 47,8 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 18521,7 миң сомду (көлөмдүн 6,0 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 9832,4 миң сомду (көлөмдүн 3,2 пайызын), химия өндүрүшү 28011,2 миң сомду (көлөмдүн 9,1 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 60601,2 миң сомду (көлөмдүн 19,7 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 12110,8 миң сомду (3,9 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 31227,9 миң сомду (10,1 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси суусундуктар менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-апрель айында өткөн жылдын январь-апрель айына салыштырмалуу 103,4 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 12,4 пайызга, жаңы бышкан нан 1,7 пайызга, бут кийим тигүү 2,7 пайызга, таш көмүр өндүрүү 90,5 пайызга, тазартылган күрүч 8,6 пайызга, иштетилбеген мунайзат 5,6 пайызга, аялдардын тигилүү кийими 7,4 пайызга, эркектердин тигилүү кийими 2,2 эсеге, өсүмдүк майын өндүрүү 13,9 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 11,3 пайызга, килемдер 6,1 пайызга, эт азыктары 13,2 пайызга өскөн. Ал эми сымап өндүрүү 62,7 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 2,3 пайызга жана кондитердик азыктар 7,3 пайызга, балмуздак 14,6 пайызга, алкоголдук ичимдиктер 72,9 пайызга төмөндөгөн.

*2019-жылдын январь-апрель айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 18521,7 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-апрель айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 119,7 пайызды, ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 28011,2 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 38,9 пайызын түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-апрель айында 12110,8 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-апрель айына салыштырганда 9,9 эсени түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-апрель* айында 272406,5 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 97,7 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 34367,0 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 102,6 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы
(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын
үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.*** 2019-жылдын январь-апрель айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 2137,6 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 101,8 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-апрель айларында 8021,5 тонна эт, 21863,4 тонна сүт, 3539,5 миң даана жумуртка өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 2,8 пайызга, сүт өндүрүү 1,7 пайызга, жумуртка өндүрүү 1,3 пайызга өскөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен районунда 1,3, Лейлек районунда 5,8, Баткен шаарында 1,4, Кадамжай районунда 0,3, Кызыл-Кыя шаарында 0,4, Сүлүктү шаарында 1,3 пайызга өскөн. Сүт өндүрүү Баткен районунда 1,5, Лейлек районунда 3,8, Баткен шаарында 0,8, Сүлүктү шаарында 0,8 пайызга жогорулаган, ал эми Кадамжай районунда жана Кызыл-Кыя шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жумуртканы Баткен району 3,9 пайызга, Кадамжай району 2,4, Лейлек району 0,3, Баткен шаары 1,3, Сүлүктү шаарын 1,6 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Кызыл-Кыя шаары 3,0 пайызга аз өндүргөн.

Облус боюнча 2019 жылдын түшүмү үчүн эгилген дан эгиндердин аянттары 20738 гектарды түздү, өткөн жылга салыштырмалуу 95,7 пайызды түзүп 4,3 пайызга аз себилген. Анын ичинен буудай 7053 гектар, өткөн жылга салыштырмалуу 92,7 пайызды, арпа 12193 гектар же 105,9 пайызды, дандык жүгөрү 1490 гектар же 58,4 пайызды, картошка 1136 гектар же 91,2 пайызды, жашылча 1173 гектар, же 86,2 пайызды түздү.

***Капиталдык салым.*** 2019-жылдын январь-апрель айында 309598,0 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2019-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада

61,6 пайызга барабар болду. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаттары, республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 82,0 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




***Транспорт жана байланыш.*** 2019-жылдын январь-апрель айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 436,2 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-апрель айларына салыштырмалуу 100,7 пайызды түздү.

2019-жылдын январь-апрель айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 3412,9 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 75426,9 миң жүргүнчү-км түздү (2018-жылдын январь-апрель айларына салыштырмалуу 101,2 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2019-жылдын январь-апрель айларында бардыгы жеке адамдардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2019-жылдын январь-апрель айында 4593038,6 миң сомду түзүп, 2018-жылдын январь-апрель айынын денгээлине салыштырмалуу 3,7 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 4473044,9 миң сом болуп 3,7 пайызга жогорулаган.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-апрель айында 3582052,1 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,2 пайызга жогорулаган.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 2125565,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,3 пайызга жогорулап, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 59,3 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-апрель айында 3852518,9 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын январь-апрель айына салыштырмалуу 4,5 пайызга жогорулаган.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-апрель айында 23175,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 0,6 пайызга жогорулаган.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-апрель айында 1303493,6 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 6,8 пайызга жогорулаган.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (77,7 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь-апрель айында 2994911,1 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 6,4 пайызга жогорулаган.

Үстүбүздөгү жылдын январь-апрель айында 740519,7 мин сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 99,5 пайызды түздү.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




***<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>*** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2019-жылдын 1-майына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 13559 адамды түздү, анын ичинен 11189 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 273 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2019-жылдын 1-майына карата 26 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 521 адам туура келди.

Облус боюнча 2019-жылдын январь-март айында бир айлык орточо эмгек акы 10720,1 сом өлчөмүндө калыптанып, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 0,3 пайызга өскөн.

Облус боюнча 2019-жылдын март айында бир айлык  орточо эмгек акы 11216,3 сом өлчөмүндө калыптанып, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 2,8 пайызга төмөндөгөн.

Эмгек акы өткөн айга салыштырмалуу айыл чарбасы, балыкчылык жана токой чарбасы, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, курулуш, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, информация жана байланыш, кыймылсыз мүлк операциялары, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү тармактары боюнча өскөндүгү  байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2019-жылдын март айында 160,9 долларды түздү.

2019-жылдын 1-майына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 18298,0 миң сом болду.

Эмгек акыны төлөө карызынын 85,2  пайызын Кадамжай району, 14,8  пайызын Кызыл-Кыя  шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны
(адам)




***<u>Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.</u>*** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-апрель айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 88,4 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 98,6 пайызды, талаачылыктан алынган продукция  75,9 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2019 жылдын январь-апрель  айында өткөн жылдын январь-апрель айына салыштырмалуу 100,4 пайызды түздү. Ал эми 2019 жылдын апрель айы өткөн жылдын апрель айына салыштырмалуу 101,3 пайызды түздү.

***<u>Баалардын жана тарифтердин индекси.</u>*** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-апрель айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 99,5 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын апрель  айын март айына салыштырганда 100,0 пайызды түздү.

Ушул жылдын апрель  айында өткөн айга салыштырмалуу 1-сорт ун 0,4 пайызга, уйдун эти 1,1 пайызга кымбаттаган. Ал эми жумуртка 5,8 пайызга төмөндөп, жогорку сорт ун, нан, макарон азыктары, койдун эти, сүт, күн карама майы өз ордунда  калган.

***Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси***

(өткөн айга карата пайыз менен)

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азык-тары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумурт-ка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,1 | 100,0 |
| февраль | 100,1 | 101,2 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 96,8 | 100,0 |
| март | 100,7 | 108,6 | 100,0 | 100,0 | 102,2 | 100,0 | 100,0 | 84,7 | 100,0 |
| апрель | 100,0 | 100,4 | 100,0 | 100,0 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 94,2 | 100,0 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу пияз 18,2 пайызга, картошка 3,0 пайызга, сабиз 5,7 пайызга, алма 0,5 пайызга кымбаттаган. Ал эми кургатылган өрүк 13,4 пайызга төмөндөп, грек жаңгагы өз ордунда калган.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатыл-ган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 102,1 | 99,9 | 100,1 | 119,0 | 91,9 | 100,0 |
| февраль | 76,7 | 98,1 | 101,3 | 97,2 | 96,1 | 100,0 |
| март | 101,8 | 76,5 | 119,8 | 94,1 | 100,0 | 100,0 |
| апрель | 118,2 | 103,0 | 105,7 | 100,5 | 86,6 | 100,0 |

***Апрель*** айында өткөн март айына салыштырмалуу азык-түлүк эмес товарлар дын баасынан кийимдер 0,6 пайызга, кийим тигүү үчүн материалдар 0,9 пайызга, бут кийимдер 0,1 пайызга, турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 1,6 пайызга, бензин 3,6 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 3,1 пайызга, фармацептикалык продукция 0,2 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 0,3 пайызга төмөндөгөн. Катуу отун, суу менен камсыз кылуу (муздак суу), үй тиричилик буюмдары, тричилик техника, газеталар жана мезгилдүү басылмалар, өз ордунда калган.

***Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси***

(пайыз менен)

| | 2019ж апрель 2018ж апрелине карата | 2019ж январь-апрель 2018ж январь-апрелине карата | 2019ж апрель 2019ж мартына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 96,0 | 95,2 | 99,4 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 98,1 | 102,7 | 99,1 |
| Бут кийим | 98,1 | 98,6 | 99,9 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 96,9 | 98,6 | 98,4 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 100,0 | 101,0 | 100,0 |
| Бензин | 93,1 | 97,3 | 96,4 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 94,4 | 98,4 | 96,9 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 96,2 | 95,8 | 100,2 |
| Фармацептика продукциясы | 102,6 | 99,1 | 99,8 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 107,7 | 107,7 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 98,3 | 98,5 | 99,7 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын апрель айында жүргүнчү транспортунун тейлөөсү, байланыш тейлөөсү, амбулаториялык тейлөөсү, маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлр, билим берүү тейлөөсү, мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөсү, чач тарач тейлөөсү, укуктук мүнөздөгү тейлөөсү өз ордунда калган.

***Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.***

(пайыз менен)

| | 2019ж апрель 2018ж апрелине карата | 2019ж январь-апрель 2018ж январь-апрелине карата | 2019ж апрель 2019ж мартына карата |
|---|---|---|---|
| | | | |
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 96,5 | 95,4 | 100,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 98,9 | 104,0 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлр | 103,0 | 103,0 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 101,3 | 101,3 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 96,8 | 99,3 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөолөрү | 98,1 | 98,1 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөр | 100,0 | 97,6 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

***Керектөө бааларынын индекси***

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




***Мамлекеттик сектор***

***Финансы.*** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2019-жылдын январь-март айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 257,1 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 106,1 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 203,8 млн. сомду түзүп, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 19,4 пайызга азайган, ал эми чыгашалар 8,4 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2019-жылдын январь-март айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2019-жылдын январь-март айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 132,7 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 25,2 пайызга өскөн. Патенттин негизиндеги салык 8,6 пайызга, жер салыгы 36,3 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 25,8 пайызга, киреше жана пайда салыгы 34,9 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 50,1 пайызга жана кыймылсыз мүлк салыгы 6,5 пайызга өскөн. Ал эми соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн түшкөн салык 2,9 пайызга, товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 2,3 пайызга жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 1,4 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2018-жылдын январь-март айларында жалпы кирешенин 24,6 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2019-жылдын январь-март айларында 20,5 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн товарларды сатуудан жана тейлөө көрсөтүүдөн түшкөн киреше түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 57,3 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 27,9 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 6,7 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2019-жылдын январь-март айларында 140,9 млн. сомду түзүп, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 10,8 пайызга өскөн. Чыгашалардын 40,3 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 46,1 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 10,0 пайызы билим берүү тармагына (14,1 млн. сом) жумшалган.

### *Тышкы сектор*

2019-жылдын январь-март айларында Баткен облусу дүйнөнүн 21 мамлекети менен тышкы соода байланышында болду. Анын ичинде: 6 КМШ өлкөлөрү, 15 КМШдан тышкары өлкөлөр. Облустун тышкы соода жүгүртүүсү 2019 жылдын январь-мартында 5580,5 миң АКШ долларын түзүп, 2018-жылдын тийштүү мезгилине салыштырмалуу 52,7 пайызга азайган. Соода балансасынын сальдосу терс болуп 6191,3 миң АКШ долларына барабар болду.

***Экспорт.*** 2019-жылдын январь-март айларында экспорттун көлөмү 1292,1 миң АКШ долларын түзүп, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 76,0 пайызга азайган. Экспорттук товарлардын негизги керектөөчүлөрү КМШ өлкөлөрү менен Азия мамлекеттери болуп, алардын экспорттогу жалпы көлөмдөрү 81,7 жана 12,5 пайызга барабар болду. Облустун продукциясынын негизги керектөөчүлөрү болуп, КМШ өлкөлөрүнөн Өзбекстан (экспорттун жалпы көлөмүнөн 43,5 пайызы) жана Россия (17,4 пайызы) мамлекеттери эсептелет. КМШдан тышкары Европа мамлекеттерине жалпы көлөмдүн 5,8 пайызы, Азия мамлекеттерине 12,5 пайызы экспорттолду. Европа мамлекеттеринен Литва өлкөсүнө (жалпы көлөмдүн 1,4 пайызын түзөт), Германия өлкөсүнө (жалпы көлөмдүн 1,6 пайызын түзөт), Азия мамлекеттеринен ОАЭ өлкөлөрүнө (3,3 пайызын ), Турция мамлекетине (3,2 пайызын түзөт ) экспорт жүргүзүлдү.

Жалпы экспорттун ичинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттун көлөмү 284,8 миң АКШ долларын түздү. Анын ичинен Россия 225,5 миң АКШ долларын түзөт.

***Импорт.*** 2019-жылдын январь-март айларында импорттун көлөмү 4288,4 миң АКШ долларын түзүп, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 32,9 пайызга төмөндөгөн. Ал эми импорттун салмагы КМШ өлкөлөрүнөн 86,5 пайызга, Азия мамлекеттеринен 10,3 пайызга жана Европа мамлекеттеринен 3,3 пайызга барабар болду. КМШ өлкөлөрүнүн импортунун негизги көлөмүн алып келүүчүлөр болуп Өзбекстан (импорттун жалпы көлөмүнүн 53,4 пайызын), Россия (23,8 пайызын), КМШдан тышкары Иран мамлекетинен келген товарлар (жалпы импорттун 6,8 пайызын) түзгөн.

Жалпы импорттун ичинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө импорттун көлөмү 1037,6 миң АКШ долларын түздү. Анын ичинен Россия 1021,1 миң АКШ долларын түзөт.

### **Социалдык сектор**

***Турак жай.*** 2019-жылдын январь-апрель айында турак жай курулушунда жалпы аянты 19041,0 чарчы метр болгон 164 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-апрель айынын денгээлине салыштырмалуу 114,3 пайызды түздү.

Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 190527,5 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

***Демографиялык жагдай.*** 2019-жылдын январь-март айында Баткен облусу боюнча 3814 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 183 балага көп), же калктын 1000 не 29,7 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 585 адам өлгөн (2018-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2 адамга азайган), же калктын 1000 не алганда 4,6 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 3229 адамды, же 1000 кишиге 25,1 түздү.

2019-жылдын январь-март айында 66 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 10,0 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки куррактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 26 балага көбөйгөн.




***Калктын оорулары***. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиолимит, брюшной тиф жана дифтерия ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2019-жылдын январь-апрель айларында облуста бактериялуу дизентерия менен 12 оорулуу катталып, өткөн жылга карата 3 оорулууга, гепатит оорусу менен 286 адам ооруп, өткөн жылга карата 56 оорулууга азайган, ал эми анын ичинен гепатиттин В түрү менен 16 оорулуу катталып, өткөн жылдын деңгээлинен 9, ичегинин өткүр инфекциясы 37 оорулууга өскөн.

*Паразитардык оорулардын* саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу сифилис 2 оорулууга, педикулез ооруусу 22ге, бруцеллез ооруусу 2ге жана жаныбарлардын тиштеп алуусу 137ге көбөйүп, гонорея 5ке, котур ооруусу 13кө, ВИЧ инфекциясы 1ге азайган.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 7650 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 743 оорулууга, кургак учук менен ооруган 87 адам катталып, 44 оорулууга азайган. Кадамжай районунда кургак учук менен ооругандардын саны өткөн жылдын деңгээлинде калган, ал эми калган район, шаарларда төмөндөгөн.

***Облмамстатистика башкармалыгынын***
***жетекчисинин орун басары:*** ***Ж. Закиров***

| | | беті |
|---|---|---|
| | Реалдуу сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 17 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү………...........................………............. | 18 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү…….........................................…………........... | 18 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ………………………………. | 19 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……………….……………………………. | 20 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..………………………….. | 20 |
| 7 | Аймактар боюнча 2019-жылдын 1-майына карата эгилген эгиндердин себүүнүн жүрүшү.................. | 21 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 22 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү…………………………….………….. | 22 |
| 10 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык иштердин көлөмү……………………………. | 26 |
| 11 | Турак жай курулушунун аткарылышы.......……………..............................................…………............ | 27 |
| 12 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши ……..……………………………………… | 27 |
| 13 | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………….………………………… | 28 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү … | 28 |
| | Соода жана тейлөө | |
| 16 | Тейлөө рыногу | |
| 17 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү…………………………………………………………….. | 29 |
| 18 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............……….......... | 29 |
| 19 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү………….……………………………………… | 30 |
| 20 | Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү…………………………………………. | 30 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.... | 31 |
| 22 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо | 31 |
| 23 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча)......................................................................................................... | 32 |
| 24 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү | 32 |
| 25 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча) | 32 |
| 26 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 33 |
| 27 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)……………………….. | 33 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 28 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары………… | 34 |
| 29 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары………………… | 35 |
| 30 | Калкты иш менен камсыз кылуу……………………………………………………………………….. | 36 |
| 31 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны……………..…………………………………………… | 36 |
| 32 | Жумуш орундарын түзүү..................................................................................................................... | 36 |
| | Финансы | |
| 33 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 37 |
| 34 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 37 |
| 35 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 38 |
| 36 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 38 |
| 37 | Социалдык сектор | |
| 38 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү…………………..…………………………………….. | 39 |
| 39 | Калктын төрөлүү, өлүү жана табигый өсүүсү боюнча катышы…………………………………………… | 39 |
| 40 | Жаш балдардын өлүмү………………………………………………………………………………………… | 39 |
| 41 | Облус боюннча жаш балдардын өлүмүнүн катышы….…. …..………………………………………. | 39 |
| 42 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны……….………………………………………………… | 40 |
| 43 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы………..……………………………………………… | 40 |
| 44 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………………… | 40 |

## ***Реалдык сектор***

Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-апрель

( миң сом)

| | 2018 | 2019 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| ***Бардыгы*** | ***765346,7*** | ***938842,5*** | ***129,9*** |
| ***I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы*** | ***176630,4*** | ***323562,7*** | ***181,4*** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 114256,7 | 276814,8 | 190,5 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 59730,4 | 42924,2 | 105,6 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 2643,3 | 3823,7 | 99,4 |
| ***II. Иштетүү өнөр жайы*** | ***289687,7*** | ***308506,3*** | ***134,8*** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо | 161770,4 | 147472,5 | 103,4 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо | 158952,1 | 147472,5 | 105,2 |
| -тамеки өндүрүү | 2818,3 | - | - |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 14059,2 | 18521,7 | 119,7 |
| -текстил өндүрүшү | 850,7 | 1168,8 | 108,9 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 11939,3 | 17210,1 | 124,4 |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 1269,2 | 142,8 | 102,7 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 10590,0 | 9832,4 | 100,4 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 10469,0 | 9578,4 | 100,5 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 121,0 | 254,0 | 89,9 |
| 4. Химия өндүрүшү | 14500,6 | 28011,2 | 38,9 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 51881,1 | 60601,2 | 166,4 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 10604,4 | 12110,8 | 9,9 эсе |
| 7. Электр жабдууларды өндүрүү | - | 728,6 | - |
| 8. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 26282,0 | 31227,9 | 110,1 |
| ***III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү*** | ***277998,8*** | ***272406,5*** | ***97,7*** |
| ***1V. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.*** | ***21029,8*** | ***34367,0*** | ***102,6*** |

Таблица 2. Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү
Январь-апрель (миң сом)

| | 2018 | 2019 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| ***Область боюнча:*** | ***765346,7*** | ***938842,5*** | ***130,0*** | ***129,9*** |
| Электр энергиясыз райондор: | 487347,9 | 666436,0 | 139,4 | 144,3 |
| Баткен | 34481,0 | 30588,6 | 99,9 | 89,0 |
| Кадамжай | 121065,4 | 274723,0 | 106,4 | 104,8 |
| Лейлек шаарлар: | 100711,2 | 84299,0 | 102,3 | 103,1 |
| Баткен | 293810,7 | 290244,4 | 100,3 | 98,6 |
| Электр энергиясыз | 15811,9 | 17837,9 | 102,0 | 105,7 |
| Кызыл-Кыя | 88190,0 | 105799,4 | 129,8 | 97,5 |
| Сүлүктү | 127088,4 | 153188,1 | 121,7 | 114,3 |

Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү

| | Өлчөө бирдиги | 2018 | 2019 | 2019ж. январь-апрель- айы 2018ж. январь-апрель айына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь-апрель | | |
| Таш көмүр | тонна | 70965,1 | 135217,4 | 190,5 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | - | 1440,0 | - |
| Бут кийим | жуп | 366,0 | 376,0 | 102,7 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 247,2 | 279,9 | 113,2 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | - | - | - |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 2015,7 | 2015,5 | 100,0 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 33,9 | 38,6 | 113,9 |
| Жаңы бышкан нан | тонна | 2941,9 | 2991,6 | 101,7 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 21378,3 | 24035,5 | 112,4 |
| Сурьма металы кошулма | % | - | - | - |
| Сымап | % | | | 37,3 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 1310,1 | 1457,7 | 111,3 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 325,0 | 352,8 | 108,6 |
| Кондитер азыктары | тонна | 209,3 | 194,1 | 92,7 |
| Килемдер | даана | 82,0 | 87,0 | 106,1 |
| Алкоголдук ичимдиктер | миң литр | 243,7 | 66,0 | 27,1 |
| Балмуздак | тонна | 8,2 | 7,0 | 85,4 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 4392,9 | 9589,4 | 2,2эсе |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 8296,0 | 8911,0 | 107,4 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 3,6 | 3,8 | 105,6 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 117097,4 | 114433,8 | 97,7 |

Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү
2019 жылдын январь-апрель

| | 2018 | 2019 | 2019 % менен 2018 | 2018 | 2019 | 2019 % менен 2018 | 2018 | 2019 | 2019 % менен 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Таш көмүр, тонна*** | | | ***Бышырылган кирпич, миң даана*** | | | ***Эт жана эт азыктары, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***70965,1*** | ***135217,4*** | ***190,5*** | - | ***1440,0*** | - | ***247,2*** | ***279,9*** | ***113,2*** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 3105,0 | 2250,0 | 72,5 | - | 1440,0 | - | 5,0 | 21,5 | 430,0 |
| Кадамжай | - | 55661,3 | - | - | - | - | - | 33,0 | - |
| Лейлек | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 40,0 | 40,0 | 100,0 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - | 202,2 | 185,4 | 91,7 |
| Сүлүктү | 67860,1 | 77306,1 | 113,9 | - | - | - | - | - | - |

| | ***Жаңы бышкан нан, тонна*** | | | ***Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***2941,9*** | ***2991,6*** | ***101,7*** | ***2015,7*** | ***2015,5*** | ***100,0*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 116,5 | 117,5 | 100,9 | 1530,0 | 1520,8 | 99,4 |
| Кадамжай | 1178,9 | 1190,8 | 101,0 | 393,5 | 402,5 | 102,3 |
| Лейлек | 259,7 | 261,6 | 100,7 | 92,2 | 92,2 | 100,0 |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 189,0 | 193,0 | 102,1 | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | 947,8 | 978,7 | 103,3 | - | - | - |
| Сүлүктү | 250,0 | 250,0 | 100,0 | - | - | - |

| | ***Кондитер азыктары, тонна*** | | | ***Өсүмдүк майы, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***209,3*** | ***194,1*** | ***92,7*** | ***33,9*** | ***38,6*** | ***113,9*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 13,1 | 13,6 | 103,8 | 12,4 | 12,6 | 101,6 |
| Кадамжай | 10,2 | 10,7 | 104,9 | 7,6 | 13,5 | 177,6 |
| Лейлек | 89,0 | 72,0 | 80,9 | 12,5 | 12,5 | 100,0 |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 9,5 | 10,0 | 105,3 | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | 52,5 | 52,8 | 100,6 | 1,4 | - | - |
| Сүлүктү | 35,0 | 35,0 | 100,0 | - | - | - |

| | ***Тазартылган күрүч, тонна*** | | | ***Балмуздак, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***325,0*** | ***352,8*** | ***108,6*** | ***8,2*** | ***7,0*** | ***85,4*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 130,9 | 131,4 | 100,4 | 0,2 | 0,2 | 100,0 |
| Кадамжай | 98,4 | 119,1 | 121,0 | 5,0 | 5,1 | 102,0 |
| Лейлек | 95,7 | 102,3 | 106,9 | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | 1,1 | 1,1 | 100,0 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | 1,9 | 0,6 | 31,6 |
| Сүлүктү | - | - | - | - | - | - |

## *АЙЫЛ ЧАРБАСЫ*

Таблица 5. Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү

Январь-апрель (тонна)

| | 2018 | 2019 | 2019 % менен 2017 |
|---|---|---|---|
| Эт (тирүүлөй салмакта) | 7804,4 | 8021,5 | 102,8 |
| Сүт | 21488,4 | 21863,4 | 101,7 |
| Жумуртка, мин даана | 3495,1 | 3539,5 | 101,3 |

Таблица 6. Аймактар боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү.

Январь-апрель (тонна)

| | 2018 | 2019 | 2019 % менен 2017 | 2018 | 2019 | 2019 % менен 2017 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Эт (тирүүлөй салмакта) | | | Сүт | | |
| ***Облус боюнча*** | ***7804,4*** | ***8021,5*** | ***102,8*** | ***21488,4*** | ***21863,4*** | ***101,7*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 1402,0 | 1420,0 | 101,3 | 4249,0 | 4313,0 | 101,5 |
| Кадамжай | 2496,4 | 2504,5 | 100,3 | 7635,9 | 7639,0 | 100,0 |
| Лейлек | 3139,0 | 3322,0 | 105,8 | 7914,0 | 8214,0 | 103,8 |
| а.и. Исфана ш. | 581,0 | 659,0 | 113,4 | 1205,0 | 1308,0 | 108,5 |
